## В.И.Ленин атындагы жатак мектебинин «Ишеним почтасынын » жобосу.

1.Окуучулардын укугун коргоо ,психикалык педагогикалык колдоо көрсөтүү максатында ,"Балдардын укугун коргоо конвенциясынын "негизинде мектепте "Ишеним почтасы"уюштурулган.

2."Ишеним почтасы " окуучулардын сабак убагындагы жана мектептен тышкаркы убактагы коопсуздугун камсыздайт.Бул окуучуларды кызыктырган суроолорго ишенимдик түрдө жооп алууга шарт түзүп берүүчү иш-аракеттердин топтому.

### "Ишеним почтасынын " максаттары

1.Окуучулардын билдирүүлөрүн ,каалоо-тилектерин ,өтүнүчтөрүн ,сунуштарын анонимдүү кабыл алуу жана анализ жүргүзүү.

2.Тигил же бул себептерден улам ачыкка чыкпай турган маалыматтарды изилдеп ,колдоо көрсөтүү.

3.Окуучулардын мектеп администрациясы ,мугалимдер ортосундагы тоскоолдуктарга бөгөт коюу менен окуучуларга психикалык –педагогикалык жардам көрсөтүү.

### Материалдык техникалык камсыздоо.

"Ишеним почтасы " максаттуу ,эффективдүү иш алып баруусу учун төмөндөгү шарттар аткарылат.

1.Материалдык- техникалык каражаттар :

---Каттар учун кутуча.

----Маалыматтарды көрсөтүүчү такта.

------"Ишеним почтасы" 1-этажда орнотулган.

### "Ишеним почтасынын "иштөө эрежелери.

1.Окуучулар кайрылууларды кутучага салышат(классын,аты-жөнүн жазуунун кереги жок) анонимдүү сакталат,окуучуга маалымат так болуш учун.

2.Кайрылуу жазган күнүн ,айын,жылын жазуу керек.

3.БӨУ уюмунун жетекчиси ,соцпедагог жана мектеп парламентинин мүчөлү менен биргеликте ,белгиленген убакта (бир айда бир жолу) кутукчаны ачып ,каттар менен таанышып ,анализдеп ,жоопторду даярдашат.

4.Окуучуларга жалпы маалымат алыш учун чогулуштар өткөрүлуп турат.